**УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БОЮНЧА КОМИССИЯ**

**СЕГИЗИНЧИ ЖЫЙЫН**

# СУНУШТАМАЛАРЫ

## ТҮРКПА мүчө өлкөлөрдүн арасында туризмди өркүндөтүү: Ковид-19 Пандемиясынын таасири жана келечектеги перспективалар

Парламенттик Ассамблея:

*Туризм сектору мүчө өлкөлөр үчүн перспективдүү экономикалык инфраструктура экендигин* ***кабыл алуу менен;***

*Жалпы маданият, цивилизация жана тарыхка ээ мүчө өлкөлөрдүн ортосунда туристтик тармакты өнүктүрүүнүн зарылдыгын* ***белгилеп;***

*Бүткүл дүйнөнүн көңүлүн буруу максатында өлкөлөрдүн тарыхый жана маданий мурастарын сактап калуунун жана аларды туризм үчүн ачуунун маанилүүлүгүн* ***баса белгилеп;***

*Мүчө өлкөлөрдүн арасында автоунаалардын өнүгүүсү, өлкөлөрдөн түз учууларды камсыз кылуу, транспорттук каражаттарды иштеп чыгуу - бул аймакка туристтерди жөнөтүү жана ички туристтик аймактарга жетүүнү жакшыртуу үчүн маанилүү иш-чара экендигин* ***эске алуу менен;***

*Мүчө өлкөлөрдөгү туризм жөнүндө ар кандай маалыматтарга чексиз жеткиликтүүлүктүн зарылдыгына* ***көңүл буруп;***

*Мүчө өлкөлөрдүн арасында, айрыкча Ковид-19 пандемиясы учурунда, ден-соолук туризмин өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн* ***түшүнүү менен;***

*Ковид-19 пандемиясынын мүчө өлкөлөрдүн туризм тармагына тийгизген терс таасиринен* ***кабардар болуп;***

*Мүчө өлкөлөрдөгү туристтик ишмердүүлүктүн каалаган деңгээлде эмес экендигин* ***кабыл алуу менен;***

*Мүчө өлкөлөрдүн арасындагы чоң туризм потенциалын бар экенин* ***көрүү менен;***

*Мүчө өлкөлөрдүн арасындагы туризм тармагындагы көйгөйлөрдү чечүү жолдорун издөө үчүн бирдиктүү саясатты иштеп чыгууга берилгендигин* ***тастыктап;***

**ТҮРКПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттерине төмөнкүлөрдү сунуштайт:**

<u>*Төмөнкү чөйрөлөрдү өнүктүрүү:*</u>

- бардык секторлорду, кызыкдар тараптарды жана социалдык-экономикалык иш-аракеттерди туристтик баалуулуктар тизмегине тартуу жолу менен ТҮРКПА мүчө өлкөлөрдө туризмди өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясы жана иш-аракеттер планы;
- өз ара туристтик агымды көбөйтүү жана үчүнчү өлкөлөрдөн туристтерди тартуу боюнча тийиштүү механизмдер;
- туризмди өнүктүрүү жана күчөтүү боюнча жалпы стратегиялар;
- туруктуу туризм шартында туристтердин көңүлүн бура турган альтернативдүү туризм варианттары;

сан жана сапат жагынан туризм ишканаларын татыктуу деңгээлге жеткирүү жана бул үчүн мамлекеттик стимулдарды күчөтүү жолу менен институционалдык потенциалды <u>*чыңдоо;*</u>

эл аралык туроператорлорду көптөгөн туристтерди тартууга <u>*үндөө жана колдоо;*</u>

туризмди илгерилетүү максатында транспортко жана жатаканага жеткиликтүү бааларды <u>*сунуш кылуу;*</u>

түрк тилдүү өлкөлөрдүн ортосунда түз аба каттамдарды <u>*түзүү*</u> жана бар болгон каттамдардын санын көбөйтүү;

туризм секторуна керектүү квалификациялуу кадрларды даярдоону <u>*камсыз кылуу;*</u>

туризм секторунун өкүлдөрүнүн ортосунда маалымат жана тажрыйба алмашуу механизмдерин *түзүү;*

мүчө өлкөлөрдө уюштурулган туристтик иш-чараларга тиешелүү кызыкдар тараптардын өз ара катышуусун *кубаттоо;*

туризм тармагында КОВИД-19 таасирин азайтуу боюнча иш-чараларды координациялоону өркүндөтүү үчүн улуттук туристтик уюмдар жана саламаттыкты сактоо, транспорт жана иммиграция тармагындагы кызыкдар тараптардын кызматташтыгына *көмөктөшүү;*

маалымат коргоосун жана купуялыгын сактоо менен, туристтик бизнес тарабынан пайдалануу үчүн мүчө өлкөлөрдөгү КОВИД-19 пандемиясы жөнүндө тиешелүү маалыматтарды, анын ичинде вакцинация процесси жөнүндө камтыган маалымат базасын *түзүү;*

улуттук жана регионалдык туристтик мүмкүнчүлүктөрдү өркүндөтүү, бизнести жана керектөөчүлөрдүн ишенимин жогорулатуу үчүн тармактын кызыкдар тараптары менен иштешүү, санарип технологияларды колдонуу, маркетинг аракеттерин координациялоо жана биргелешкен туризмди илгерилетүү программалары аркылуу туризм секторун стимулдаштыруу үчүн креативдүү жана инновациялык чечимдерди издөө, туризм сектору үчүн КОВИД-19 кризистен чыгуу планын *түзүү жана ишке ашыруу.*

***Коопсуз туризм жөнүндө:***

КОВИД-19 пандемиясынын кесепеттерин жоюу үчүн, ошондой эле ушул стратегиянын принциптерине туура келбеген туристтик бизнестин иштөөсүн *алдын алып,* ушул контекстте мүчө өлкөлөрдөгү туризм секторунда, айрыкча эл аралык туристтик кыймылдарда ушул стратегияны ишке ашырууну камсыз кылуу максатында, "копсуз туризм" боюнча жалпы стратегияны *иштеп чыгуу.*